# КУРГАК УЧУК АЙЫГАТ!

**Эгерде:**

- дарылануну мүмкүн болушунча эрте баштаса
- дарылануну үзгүлтүккө учуратпаса
- дарылоо курсун толук аягына чыгарса
- кургак учукка каршы дары каражаттарын өз учурунда, комплекстүү, дарыгердин кеңештерин так аткаруу менен ичип турса



**Бейтап дарылануга чын дилинен көңүл бурса айыгып кетүү мүмкүнчүлүгү кыйла жогорулайт, дарылануусу төмөндөгүдөй болууга тийиш:**

- күн сайын жана үзгүлтүксүз
- медицина кызматкеринин көзөмөлү алдында
- узакка, 6 айдан кем эмес убакытка созулат

Кургак учук оорусу аныкталган адамдарга карата жаңылыш мамиле көп учурда аларды оорунун бар экендигин жашырууга мажбур кылат, бул инфекциянын айланадагыларга жайылуу коркунучун жогорулатат.

Кургак учук менен жабыркагандарды өз учурунда аныктоо алардын тез жана толук айыгып кетиши үчүн зарыл болгон шарт болуп саналат.

Дарыланып жаткан оорулуу башкаларга жуктурбай тургандыгын билүү, үй-бүлөгө жана коомчулукка анын жанында чочулабастан болууга жана ага колдоо көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

## КУРГАК УЧУКТУ БИРГЕЛЕШИП ЖЕҢЕБИЗ!

КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин Эксперттик кеңеши тарабынан 2017-жылдын 10-мартында бекитилди

150гр. кагаз
Форматы: 60х84, 1/8
Нускасы: 130 000 даана

«Лэйбл» ЖЧК басмаканасы.
Дареги: Бишкек ш., Орозбекова көч. 44.

Бул басылма Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Авторлордун ушул басылмада айтылган пикирлери USAID же АКШ өкмөтүнүн позициясын чагылдырбайт.

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

# КУРГАК УЧУК ТУУРАЛУУ КӨБҮРӨӨК БИЛ

## Кургак учук деген эмне?

**Кургак учук** – бул кургак учуктун микобактериясынан пайда болгон жугуштуу оору.

Кургак учукту ар кандай курактагы кайсы гана адам болбосун жуктуруп алышы жана аны менен ооруп калышы мүмкүн.

Биздин өлкөбүздө көпчүлүк адамдарда кургак учуктун таякчасы бар, бирок алардын ичинен 10%ы гана кургак учук менен ооруп калышы ыктымал.

Кыргыз Республикасында жыл сайын кургак учуктун жаңы учурлары катталат, анын ичинде балдар жана өспүрүмдөр дагы бар. Кургак учук менен ооруган-дардын жарымынан көбү – ишке жа-рамдуу курактагы адамдар.

## Кургак учук кандайча жугат?

Кургак учук оорулуу адамдан дени сак адамга жөтөлүү, чүчкүрүү жана сүйлөшүү аркылуу жугушу ыктымал.



## Эмнеге көңүл буруу керек?

- 2 ЖУМАДАН АШЫК ЖӨТӨЛҮҮ
- тердөө, өзгөчө түнкүсүн
- дене табынын жогорулашы
- табиттин жоголушу
- салмактын азайышы
- алсыздык, чарчоо



**Ушул белгилер пайда болгон учурда жашаган жери боюнча ҮМБ, ҮДТ/ФАПтагы медициналык кызматкерге кайрылуу зарыл.**

## «Кургак учук» диагнозун кантип жокко чыгарууга болот?

Медициналык кызматкер сунуштайт:

- какырыкты изилдөөдөн өткөрүү
- көкүрөк клеткасынын органдарына рентген жасоо

Эрте аныкталган учурда:

- жакшы айыгып кетүүгө
- көнүмүш жашоого тезирээк кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк көбүрөөк

## Кургак учук кантип дарыланат?

Кургак учук акысыз берилүүчү кургак учукка каршы дары каражаттары менен дарыланат.

Көпчүлүк кургак учук менен ооругандар дарылоо башталгандан тарта жугуштуу болбой калат, алар көнүмүш жашоосун уланта алышат.

Кыргыз Республикасында кургак учук-ту амбулатордук дарылоо натыйжалуу жана ылайыктуу ыкма катары активдүү жайылтылып жатат.

Бейтап мындайда ооруканага жатпайт, дары каражаттарын ичүү үчүн жакын жердеги же ал үчүн ыңгайлуу болгон медициналык мекемеге бара алат.

Стационардык же амбулатордук дарылоону дарыгер бейтап менен биргеликте дайындайт.

Кургак учукту амбулатордук дарылоо оорукана ичиндеги кургак учуктун оор түрлөрүнүн жугуу коркунучун азайтат жана көнүмүш жашоосун улантууга, коомго аралашуусуна жана үй-бүлө менен бирге болуусуна мүмкүнчүлүк берет.

